КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ

КАБИНЕТ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

2024-жылдын 12-апрели, № 179

**Электрондук товардык-транспорттук коштомо кагазды киргизүү боюнча чаралар жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын аймагында товарларга байкоо жүргүзүү механизмин өркүндөтүү максатында, "Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 13, 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети токтом кылат:

1. Электрондук товардык-транспорттук коштомо кагазды колдонуучу субъекттер төмөнкүдөй деп белгиленсин:

1) эгерде ушул пунктта башкача белгиленбесе, 2024-жылдын 1-июлуна чейин "Электрондук товардык-транспорттук коштомо кагаз" модулундагы товарлардын, анын ичинде баштапкы эсепке алуу документтери жок болгон товарлардын калдыктарын иш жүзүндөгү калдыктарга ылайык келтирүүгө милдеттүү;

2) товарларды импорттоону жана/же экспорттоону жана/же өндүрүштүк ишти жүзөгө ашырбаган, соода операцияларында же жумуштарды аткарууда жана кызматтарды көрсөтүүдө калк менен эсептешүүлөрдү жүргүзгөн чакан жана орто ишкердик төмөнкүлөрдөн бошотулат:

– товарлардын акциздик топторун (ТЭИ ТН 2710197100–2710199800, 3403199000 коддору менен майлоочу майлардан жана башка майлардан тышкары) жана сатууга атайын лицензиялар жана уруксаттар талап кылынган товарларды кошпогондо, "Электрондук товардык-транспорттук коштомо кагаз" модулундагы товарлардын калдыктарын иш жүзүндөгү калдыктарга ылайык келтирүү милдетинен;

– 2025-жылдын 1-январына чейин соода операцияларында же жумуштарды аткарууда жана кызматтарды көрсөтүүдө калк менен эсептешүүлөрдө "Эсептен чыгаруу" операциясын аткаруудан.

009258*

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МИНИСТРЛЕР КАБИНЕТИ

КАБИНЕТ МИНИСТРОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

от 12 апреля 2024 года № 179

**О мерах по внедрению электронной товаротранспортной накладной**

В целях совершенствования механизма прослеживаемости товаров на территории Кыргызской Республики, в соответствии со статьями 13, 17 конституционного Закона Кыргызской Республики «О Кабинете Министров Кыргызской Республики» Кабинет Министров Кыргызской Республики постановляет:

1. Установить, что применяющие электронную товаротранспортную накладную субъекты:

1) обязаны привести остатки товаров в модуле «Электронная товаротранспортная накладная» в соответствие с фактическими остатками, в том числе товаров, на которые отсутствуют первичные учетные документы, до 1 июля 2024 года, если иное не установлено настоящим пунктом;

2) малого и среднего предпринимательства, не осуществляющие импорт и/или экспорт товаров и/или производственную деятельность, осуществляющие расчеты с населением при торговых операциях или выполнении работ и оказании услуг, освобождаются от:

– обязанности приведения остатков товаров в модуле «Электронная товаротранспортная накладная» в соответствие с фактическими остатками, за исключением подакцизных групп товаров (кроме масел смазочных и масел прочих под кодами ТН ВЭД 2710197100–2710199800, 3403199000) и товаров, реализация которых требует специальных лицензий и разрешений;

– выполнения операции «Списание» при расчетах с населением, осуществленных при торговых операциях или выполнении работ и оказании услуг, до 1 января 2025 года.

2. Внести в постановление Кабинета Министров Кыргызской Республики «Об учете и контроле товаров на территории Кыргызской Республики» от 14 апреля 2022 года № 220 следующие изменения:

009230*

2. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 14-апрелиндеги № 220 "Кыргыз Республикасынын аймагында товарларды эсепке алуу жана контролдоо жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) преамбулада "51-беренесине" деген сөздөр "51, 127-беренелерине" деген сөздөргө алмаштырылсын;

2) 1-пунктта:

– экинчи абзац төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"– Электрондук товардык-транспорттук коштомо кагазды колдонуу жана түзүү тартиби 1-тиркемеге ылайык;";

– төмөнкүдөй мазмундагы бешинчи абзац менен толукталсын:

"– Кыргыз Республикасынын аймагында товарлардын каталогун колдонуу тартиби 4-тиркемеге ылайык.";

3) 2-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"2. Субъект ушул токтомдун 1-тиркемесинде белгиленген тартипте электрондук товардык-транспорттук коштомо кагазды колдонууга милдеттүү деп белгиленсин:

1) 2022-жылдын 15-майынан тартып – Кыргыз Республикасынын аймагында мунайды жана мунай продукттарын жана идентификациялоо каражаттары менен маркаланууга тийиш болгон товарларды жүгүртүүнү жүзөгө ашыруучу субъект;

2) 2022-жылдын 1-июлунан тартып – Евразия экономикалык биримдигинин бажы аймагына ташылып келген товарларга байкоо жүргүзүү механизми жөнүндө макулдашууга ылайык Евразия экономикалык комиссиясы бекиткен тизмекке киргизилген товарларды жүгүртүүнү жүзөгө ашыруучу субъект;

3) 2024-жылдын 1-июлунан тартып – товарларды калкка сатуу жана/же экспорттоо үчүн Интернет тармагында соода платформасын берүүчү субъект;

4) 2027-жылдын 1-январынан тартып – өздүк өндүрүштөгү товарларды экспорттоодо тигүү жана текстиль өнөр жайы чөйрөсүндө ишти жүзөгө ашыруучу субъект;

5) 2023-жылдын 1-январынан тартып – ушул пункттун 1–4-пунктчаларына киргизилбеген товарларды жүгүртүүнү жүзөгө ашыруучу субъект.";

4) 3-пункт төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"3. Субъект төмөнкүдөй деп белгиленсин:

1) электрондук товардык-транспорттук коштомо кагазды милдеттүү колдонуу киргизилүүчү датага чейин ыйгарым укуктуу салык органынын маалыматтык системасында каттала алат жана электрондук товардык-транспорттук коштомо кагазды ыктыярдуу тартипте колдоно алат;

2) 2024-жылдын 1-июлуна чейинки мөөнөттө ушул токтомдун 2-пунктунун 3-пунктчасында көрсөтүлгөн субъекттин дарегине "Эсептен чыгаруу" операциясын милдеттүү түрдө аткаруу менен



1) в преамбуле слова «статьей 51» заменить словами «статьями 51, 127»;

2) в пункте 1:

– абзац второй изложить в следующей редакции:

«– Порядок применения и формирования электронной товаротранспортной накладной согласно приложению 1;»;

– дополнить абзацем пятым следующего содержания:

«– Порядок применения каталога товаров на территории Кыргызской Республики согласно приложению 4.»;

3) пункт 2 изложить в следующей редакции:

«2. Установить, что субъект обязан применять электронную товаротранспортную накладную в порядке, установленном приложением 1 к настоящему постановлению:

1) с 15 мая 2022 года – субъект, осуществляющий оборот нефти и нефтепродуктов и товаров, подлежащих маркировке средствами идентификации на территории Кыргызской Республики;

2) с 1 июля 2022 года – субъект, осуществляющий оборот товаров, включенных в перечень, утвержденный Евразийской экономической комиссией в соответствии с Соглашением о механизме прослеживаемости товаров, ввезенных на таможенную территорию Евразийского экономического союза;

3) с 1 июля 2024 года – субъект, предоставляющий торговую платформу в сети Интернет для реализации товаров населению и/или на экспорт;

4) с 1 января 2027 года – субъект, осуществляющий деятельность в сфере швейной и текстильной промышленности, при экспорте товаров собственного производства;

5) с 1 января 2023 года – субъект, осуществляющий оборот товаров, не включенных в подпункты 1–4 настоящего пункта.»;

4) пункт 3 изложить в следующей редакции:

«3. Установить, что субъект:

1) до даты введения обязательного применения электронной товаротранспортной накладной может зарегистрироваться в информационной системе уполномоченного налогового органа и применять электронную товаротранспортную накладную в добровольном порядке;

2) вправе в срок до 1 июля 2024 года осуществлять поставку товаров в адрес субъекта, указанного в подпункте 3 пункта 2 настоящего постановления, без оформления электронной товаротранспортной накладной с обязательным выполнением операции «Списание»;

3) указанный в подпункте 4 пункта 2 настоящего постановления, при экспорте товаров собственного производства освобождается от осуществления операции оприходования товаров, используемых при производстве таких товаров, сроком до 1 января 2027 года.»;

электрондук товардык-транспорттук коштомо кагазды тариздебестен товарларды жеткирүүгө укуктуу;

3) ушул токтомдун 2-пунктунун 4-пунктчасында көрсөтүлгөн өздүк өндүрүштөгү товарларды экспорттоодо мындай товарларды өндүрүүдө пайдаланылуучу товарларды ириштөө операциясын жүргүзүүдөн 2027-жылдын 1-январына чейинки мөөнөткө бошотулат.";

5) жогоруда аталган токтомдун 1-тиркемеси ушул токтомдун 1-тиркемесине ылайык редакцияда баяндалсын;

6) бул токтомдун 2-тиркемесине ылайык редакциядагы 4-тиркеме менен толукталсын.

3. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматы Кыргыз Республикасынын салыктык башкаруу маалыматтык системасынын "Электрондук товардык-транспорттук коштомо кагаз" модулунда камтылган товарлардын номенклатурасынын маалыматтарынан товарлардын каталогун түзсүн.

4. Электрондук товардык-транспорттук коштомо кагазды колдонууга милдеттүү субъекттерге эсепке алуу системаларында "Товарлардын каталогу" модулу менен ыйгарылуучу уникалдуу идентификаторду пайдаланууу сунушталсын.

5. Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын Президенттин жана Министрлер Кабинетинин чечимдерин аткарууну контролдоо башкармалыгына жүктөлсүн.

6. Бул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Министрлер Кабинетинин**
**Төрагасы** **А.У. Жапаров**



5) приложение 1 к вышеуказанному постановлению изложить в редакции согласно приложению 1 к настоящему постановлению;

6) дополнить приложением 4 в редакции согласно приложению 2 к настоящему постановлению.

3. Государственной налоговой службе при Министерстве финансов Кыргызской Республики сформировать каталог товаров из сведений номенклатуры товаров, содержащихся в модуле «Электронная товаротранспортная накладная» информационной системы налогового администрирования Кыргызской Республики.

4. Рекомендовать субъектам, обязанным применять электронную товаротранспортную накладную, в учетных системах использовать уникальный идентификатор, присваиваемый модулем «Каталог товаров».

5. Контроль за исполнением настоящего постановления возложить на управление контроля исполнения решений Президента и Кабинета Министров Администрации Президента Кыргызской Республики.

6. Настоящее постановление вступает в силу по истечении пятнадцати дней со дня официального опубликования.

**Председатель**
**Кабинета Министров**
**Кыргызской Республики** **А.У. Жапаров**

1-тиркеме

“1-тиркеме

**Электрондук товардык-транспорттук коштомо кагазды колдонуу жана түзүү тартиби**

**1-глава. Жалпы жоболор**

1. Бул Тартип Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 127-беренесине, 2019-жылдын 29-майындагы Евразия экономикалык бирлигинин бажы аймагына ташып келинген товарларга байкоо жүргүзүү механизми жөнүндө макулдашууга ылайык иштелип чыккан жана Кыргыз Республикасынын аймагында товарларды жүгүртүү тартибин аныктайт.

2. Ушул Тартипте төмөнкүдөй түшүнүктөр жана аныктамалар колдонулат:

1) “Электрондук товардык-транспорттук коштомо кагаз” модулу (мындан ары – ЭТТК модулу) – Кыргыз Республикасынын салыктык башкаруу маалыматтык системасынын модулу, ал аркылуу субъект тарабынан электрондук товардык-транспорттук коштомо кагаз түзүлөт жана колдонулат;

2) товарларды эсепке алуу кампасы – электрондук товардык-транспорттук коштомо кагазды колдонууга милдеттүү болгон өндүрүштүк жана соода объекттерин, кампа жайларын, курулуш объекттерин жана субъекттин башка объекттерин (мындан ары – экономикалык иштин объекттери) эсепке алуу үчүн багытталган ЭТТК модулунун бөлүгү;

3) субъектти эсепке алуу системасы – салыктык милдеттенмени аткаруу үчүн жүргүзүлүүчү, баштапкы эсепке алуу документтеринин, бухгалтердик эсептин регистрлеринин маалыматтарын, салык салынуучу объекттер жана/же салык салуу менен байланышкан объекттер жөнүндө маалыматтарды камтыган бухгалтердик жана салыктык эсепке алуу системасы;

4) электрондук товардык-транспорттук коштомо кагаз (мындан ары – ЭТТК) – ыйгарым укуктуу салык органы бекиткен форма боюнча субъект тарабынан тариздел үүчү жана түзүлүүчү коштомо документ.

Ушул Тартипте пайдаланылуучу терминдер жана аныктамалар ушул Тартипте аныкталган мааниде чечмеленет. Ушул Тартипте терминдердин жана аныктамалардын чечмелениши жок болгон учурда терминдер жана аныктамалар Кыргыз Республикасынын тиешелүү мыйзамдарында жана/же Евразия экономикалык бирлигинин (мындан ары – ЕАЭБ) укугу менен аныкталган мааниде чечмеленет.

Приложение 1

«Приложение 1

**Порядок применения и формирования электронной товаротранспортной накладной**

**Глава 1. Общие положения**

1. Настоящий Порядок разработан в соответствии со статьей 127 Налогового кодекса Кыргызской Республики, Соглашением о механизме прослеживаемости товаров, ввезенных на таможенную территорию Евразийского экономического союза, от 29 мая 2019 года и определяет порядок оборота товаров на территории Кыргызской Республики.

2. В настоящем Порядке применяются следующие понятия и определения:

1) модуль «Электронная товаротранспортная накладная» (далее – модуль ЭТТН) – модуль информационной системы налогового администрирования Кыргызской Республики, посредством которого субъектом формируется и применяется электронная товаротранспортная накладная;

2) склад учета товаров – часть модуля ЭТТН, предназначенная для учета производственных и торговых объектов, складских помещений, строительных объектов и других объектов субъекта (далее – объекты экономической деятельности), обязанного применять электронную товаротранспортную накладную;

3) учетная система субъекта – система бухгалтерского и налогового учета, содержащая данные первичных учетных документов, регистров бухгалтерского учета, информацию об объектах налогообложения и/или объектах, связанных с налогообложением, которая ведется для исполнения налогового обязательства;

4) электронная товаротранспортная накладная (далее – ЭТТН) – сопроводительный документ, оформляемый и формируемый субъектом по форме, утверждаемой уполномоченным налоговым органом.

Термины и определения, используемые в настоящем Порядке, трактуются в значении, определенном настоящим Порядком. В случае отсутствия трактовки терминов и определений в настоящем Порядке, термины и определения трактуются в значении, определенном соответствующим законодательством Кыргызской Республики и/или правом Евразийского экономического союза (далее – ЕАЭС).

3. Кыргыз Республикасынын аймагында товарларды жүгүртүү төмөнкү учурларда ЭТТКны милдеттүү түрдө колдонуу менен жүргүзүлөт:

1) Кыргыз Республикасынын аймагында товарларды сатууда;

2) Кыргыз Республикасынын аймагынан товарларды экспорттоодо;

3) калкка сатылган товарларды кайтарууну кошпогондо, сатып алуучу тарабынан товарлар кайтарылганда;

4) иштетип алма чийки затты жана аны кайра иштетүү продукттарын өткөрүп берүүдө;

5) жарандык-укуктук келишимдердин негизинде товарларды агенттин атынан сатуу үчүн принципал тарабынан агентке өткөрүп берүүдө;

6) товарларды башка субъекттерге акысыз өткөрүп берүүдө;

7) бир субъекттин чегинде же анын филиалдарынын ортосунда товарларды которуштурууда.

4. Кыргыз Республикасынын аймагында товарлар төмөнкү учурларда ЭТТКны колдонбостон жүргүзүлүшү мүмкүн:

1) калк менен эсептешүүдө;

2) өздүк өндүрүштөгү өсүмдүк жана жаныбарлардан алынган айыл чарба азыктарын жеткирүүдө, мындай азыктарды кайра иштетүү продукттарынан тышкары жана дыйкан (фермердик) чарбасы тарабынан жана алма чийки затты өткөрүп берүүдө;

3) магистралдык өткөргүч түтүк, жылуулук энергиясы жана электр энергиясы объекттери аркылуу ысык, муздак суу жана жаратылыш газын берүүдө;

4) кыймылсыз мүлктү сатууда;

5) Кыргыз Республикасынын коргонуу жөндөмдүүлүгүн, улуттук коопсуздугун жана укук тартибин камсыз кылуу максатында иши Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бюджетинен каржылануучу мамлекеттик органдар жана уюмдар тарабынан курал-жарактарды, аскердик техниканы, аскердик мүлктү, атайын техниканы, атайын каражаттарды жеткирүүдө же импорттоодо/ташып кирүүдө;

6) табигый кырсыктардын, табигый жана техногендик мүнөздөгү өзгөчө кырдаалдардын кесепеттерин жоюу үчүн зарыл болгон товарларды жеткирүүдө же импорттоодо/ташып кирүүдө;

7) ЕАЭБге мүчө мамлекеттердин валютасын, чет өлкөлүк валютаны, башка валюталык баалуулуктарды, баалуу металлдарды, анын ичинде Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан жүзөгө ашырылуучу алтынды жеткирүүдө же импорттоодо/ташып кирүүдө;

8) электр байланышы оператору тарабынан менчик базалык станцияларын жана байланыш түйүндөрүн эксплуатациялоо (монтаждоо, демонтаждоо жана оңдоо) максатында жабдууларды,



3. На территории Кыргызской Республики оборот товаров осуществляется с обязательным применением ЭТТН при:

1) реализации товаров на территории Кыргызской Республики;

2) экспорте товаров с территории Кыргызской Республики;

3) возврате товаров покупателем, за исключением возврата товаров, реализованных населению;

4) передаче давальческого сырья и продуктов его переработки;

5) передаче товаров принципалом агенту для его реализации от имени агента на основе гражданско-правовых договоров;

6) безвозмездной передаче товаров другим субъектам;

7) перемещении товаров в пределах одного субъекта или между его филиалами.

4. На территории Кыргызской Республики оборот товаров может осуществляться без применения ЭТТН при:

1) расчетах с населением;

2) поставке сельскохозяйственной продукции растительного и животного происхождения собственного производства, кроме продуктов переработки такой продукции, и передаче давальческого сырья крестьянским (фермерским) хозяйством;

3) поставке горячей, холодной воды и природного газа посредством объектов магистрального трубопровода, теплоэнергии и электроэнергии;

4) реализации недвижимого имущества;

5) поставке или импорте/ввозе вооружения, военной техники, военного имущества, специальной техники, специальных средств государственными органами и организациями, деятельность которых финансируется из государственного бюджета Кыргызской Республики, в целях обеспечения обороноспособности, национальной безопасности и правопорядка Кыргызской Республики;

6) поставке или импорте/ввозе товаров, необходимых для ликвидации последствий стихийных бедствий, чрезвычайных ситуаций природного и техногенного характера;

7) поставке или импорте/ввозе валюты государств-членов ЕАЭС, иностранной валюты, иных валютных ценностей, драгоценных металлов, в том числе золота, осуществляемых Национальным банком Кыргызской Республики;

8) перемещении оператором электросвязи оборудования, комплектующих и/или запасных частей и расходных материалов в целях эксплуатации (монтаж, демонтаж и ремонт) собственных базовых станций и узлов связи;

9) перемещении товаров между территориальными подразделениями и/или структурными единицами государственного органа;

10) передаче товаров в виде гуманитарной помощи;

комплекттөөчү жана/же запастык бөлүктөрдү жана чыгымдалуучу материалдарды ташууда;

9) мамлекеттик органдын аймактык бөлүмдөрүнүн жана/же түзүмдүк бирдиктеринин ортосунда товарларды которуштурууда;

10) товарларды гуманитардык жардам түрүндө берүүдө;

11) Кыргыз Республикасынын бажы мыйзамдарына ылайык эркин экономикалык зоналардын субъекти тарабынан эркин экономикалык зоналардын аймагынан Кыргыз Республикасынын аймагына товарларды жеткирүүдө;

12) Кыргыз Республикасынын аймагына товарларды импорттоодо/ташып кирүүдө;

13) чекене сатуу түйүндөрү аркылуу товарларды андан ары керектөө максатында контролдук-кассалык машиналарды колдонуу менен талондор, карталар, белек сертификаттары аркылуу сатууда, мындай товарларды өндүрүштө керектөөдөн же андан ары сатуудан тышкары;

14) өзгөчө режимдеги бир соода зонасынын аймагынын чегинде өзгөчө режимдеги соода зонасындагы ишке салык төлөөчүлөрдүн ортосунда товарларды сатууда, ошондой эле өзгөчө режимдеги соода зонасынын аймагында товарларды бир субъекттин чегинде же анын филиалдарынын ортосунда которуштурууда.

5. ЭТТК модулунда иштөө үчүн субъект Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталган тартипке ылайык товарлардын каталогун колдонууга милдеттүү.

6. ЭТТК модулу ЭТТК түзүүнү жана Кыргыз Республикасынын салык мыйзамдарында белгиленген доонун эскирүү мөөнөтүнүн ичинде маалыматты сактоону камсыз кылат.

7. ЭТТК формасы жана аны тариздөөнүн тартиби ыйгарым укуктуу салык органы тарабынан аныкталат жана ыйгарым укуктуу салык органынын расмий сайтына жайгаштырылууга тийиш.

## 2-глава. ЭТТК модулунда субъектти каттоо жана жокко чыгаруу тартиби

8. Субъектти ЭТТК модулунда каттоо салык төлөөчүнүн кабинети аркылуу жүргүзүлөт. Субъекттин анын кабинетине кирүү мүмкүнчүлүгүн алуу тартибин ыйгарым укуктуу салык органы аныктайт.

9. ЭТТК модулунда иштөө үчүн, анын ичинде товарларды сатып алуу/алуу үчүн төмөнкүлөрдү кошпогондо, субъект товарларды эсепке алуу кампасын түзүүгө милдеттүү:

1) ишкердик иш жүргүзбөгөн жеке жакты;

2) тышкы иштер чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан ыйгарым укуктуу салык органына берилүүчү



11) поставке субъектом свободных экономических зон товаров с территории свободных экономических зон на территорию Кыргызской Республики в соответствии с таможенным законодательством Кыргызской Республики;

12) импорте/ввозе товаров на территорию Кыргызской Республики;

13) реализации через розничные сети продаж товаров посредством талонов, карт, подарочных сертификатов с применением контрольно-кассовых машин в целях дальнейшего потребления покупателем, за исключением потребления данных товаров в производстве или дальнейшей реализации;

14) реализации товаров между налогоплательщиками налога на деятельность в зоне торговли с особым режимом в пределах одной территории зоны торговли с особым режимом, а также при перемещении товаров в пределах одного субъекта или между его филиалами на территории зоны торговли с особым режимом.

5. Для работы в модуле ЭТТН субъект обязан применять каталог товаров в соответствии с порядком, определенным Кабинетом Министров Кыргызской Республики.

6. Модуль ЭТТН обеспечивает формирование ЭТТН и хранение информации в течение срока исковой давности, установленного налоговым законодательством Кыргызской Республики.

7. Форма ЭТТН и порядок ее оформления определяются уполномоченным налоговым органом и подлежат размещению на официальном сайте уполномоченного налогового органа.

## Глава 2. Порядок регистрации и аннулирования субъекта в модуле ЭТТН

8. Регистрация субъекта в модуле ЭТТН осуществляется посредством кабинета налогоплательщика. Порядок получения субъектом доступа к его кабинету определяется уполномоченным налоговым органом.

9. Для работы в модуле ЭТТН, в том числе для приобретения/получения товаров, субъект обязан создать склад учета товаров, за исключением:

1) физического лица, не осуществляющего предпринимательскую деятельность;

2) дипломатических представительств и консульских учреждений зарубежных стран согласно перечню, представляемому уполномоченным государственным органом в сфере иностранных дел уполномоченному налоговому органу;

3) представительств международных организаций, за исключением осуществляющих предпринимательскую деятельность, на основании международных договоров, вступивших в силу в

тизмекке ылайык чет өлкөлөрдүн дипломатиялык өкүлчүлүктөрүн жана консулдук мекемелерин;

3) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык күчүнө кирген эл аралык келишимдердин негизинде ишкердик иш жүргүзгөндөрдөн тышкары, тышкы иштер чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан ыйгарым укуктуу салык органына берилүүчү тизмекке ылайык эл аралык уюмдардын өкүлчүлүктөрүн;

4) соода жана/же өндүрүштүк иш жүргүзгөндөрдөн тышкары, билим берүү жаатында бирдиктүү мамлекеттик саясатты иштеп чыгуучу ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан ыйгарым укуктуу салык органына берилүүчү тизмекке ылайык мамлекеттик жалпы билим берүү жана мектепке чейинки билим берүү уюмдарын.

10. Ушул Тартиптин 11-пунктунда көрсөтүлгөн учурларды кошпогондо, ЭТТК модулунда товарларды эсепке алуу кампасы экономикалык иштин объектинин иш жүзүндө жайгашкан дарегин көрсөтүү менен түзүлөт.

11. ЭТТК модулунда төмөнкүлөргө юридикалык дарегин гана көрсөтүү менен товарларды эсепке алуу кампасын түзүүгө жол берилет:

1) аткаруу, контролдоо функцияларын, анын ичинде мамлекеттик материалдык резерв системасын башкарууну жүзөгө ашырууга ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга;

2) улуттук коопсуздукту камсыз кылуу чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарга, аткаруу бийлигинин коргоо маселелерин тескеген мамлекеттик органдарына, ички иштер органдарына алардын ведомстволук жана түзүмдүк бөлүмдөрүнүн, анын ичинде аскердик бөлүктөрүнүн жана мекемелеринин даректерин көрсөтпөстөн.

12. Экономикалык иш объекти жабылган учурда, субъект ЭТТК модулундагы товарларды эсепке алуу кампасын жоюуга милдеттүү. Товарларды эсепке алуу кампасында товарлардын калдыгы жок болгон шартта ЭТТК модулунда товарларды эсепке алуу кампасы жоюлууга тийиш.

13. Салык органы төмөнкү учурларда субъекттин ЭТТК модулундагы ишин убактылуу токтотуп туруу боюнча чараларды көрүүгө укуктуу:

1) ушул Тартиптин талаптарын бузганда;

2) товарларды эсепке алуу кампасын түзүүдө ЭТТК модулунда көрсөтүлгөн иш жүзүндөгү дарек боюнча субъекттин жана/же экономикалык иш объекти жок болгондо;

3) товарлар ЭТТК модулундагы товарларды эсепке алуу кампасында болуп, бирок алардын иш жүзүндөгү калдыктары жок болгондо;



соответствии с законодательством Кыргызской Республики, согласно перечню, представляемому уполномоченным государственным органом в сфере иностранных дел уполномоченному налоговому органу;

4) государственных общеобразовательных и дошкольных образовательных организаций, за исключением осуществляющих торговую и/или производственную деятельность, согласно перечню представляемому уполномоченным государственным органом, вырабатывающим единую государственную политику в области образования, уполномоченному налоговому органу.

10. В модуле ЭТТН склад учета товаров создается с указанием адреса фактического нахождения объекта экономической деятельности, за исключением случаев, указанных в пункте 11 настоящего Порядка.

11. В модуле ЭТТН допускается создание склада учета товаров с указанием только юридического адреса:

1) государственным органом, уполномоченным осуществлять исполнительные, контрольные функции, в том числе управление системой государственного материального резерва;

2) уполномоченным государственным органом в сфере обеспечения национальной безопасности, государственным органом исполнительной власти, ведающим вопросами обороны, органами внутренних дел без указания адресов их подведомственных и структурных подразделений, в том числе воинских частей и учреждений.

12. В случае закрытия объекта экономической деятельности субъект обязан ликвидировать склад учета товаров в модуле ЭТТН. Склад учета товаров подлежит ликвидации в модуле ЭТТН при условии отсутствия остатка товаров на складе учета товаров.

13. Налоговый орган имеет право принять меры по временному приостановлению работы субъекта в модуле ЭТТН в случаях:

1) нарушения требований настоящего Порядка;

2) отсутствия субъекта и/или объекта экономической деятельности по фактическому адресу, указанному в модуле ЭТТН при создании склада учета товаров;

3) отсутствия фактических остатков товаров при их наличии на складе учета товаров модуля ЭТТН;

4) приостановления действия учетной записи в качестве участника электронного документооборота в информационной системе счетов-фактур в виде электронных документов в порядке, определяемом Кабинетом Министров Кыргызской Республики.

14. В случае исправления и/или неподтверждения случаев, указанных в пункте 13 настоящего Порядка, налоговый орган возобновляет работу субъекта в модуле ЭТТН.

4) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталган тартипте электрондук документтер түрүндөгү эсеп-фактуралардын маалыматтык системасында электрондук документ жүгүртүүнүн катышуучусу катары эсептик жазуунун колдонулушу токтотулуп турганда.

14. Ушул Тартиптин 13-пунктунда көрсөтүлгөн учурлар оңдолгон жана/же ырасталбаган учурда, салык органы ЭТТК модулунда субъекттин ишин кайра калыбына келтирет.

15. ЭТТК модулунда субъекттин каттоосун жокко чыгаруу субъекттин иши токтотулган жана/же субъекттин иши токтотулганга чейин салыктык каттоосу жокко чыгарылган жана/же товарларды эсепке алуу кампасында товарлардын калдыгы жок болгон шартта салыктык каттоону жокко чыгаруу жол-жобосу башталган учурда жүзөгө ашырылат.

## 3-глава. ЭТТКны түзүү жана колдонуу

16. Субъект тарабынан ЭТТКны түзүү жана колдонуу үчүн товарлар Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети аныктаган тартипте товарлардын каталогуна киргизилиши керек.

17. ЭТТКны тариздөө/алуу төмөнкүлөр аркылуу ишке ашырылат:

1) ЭТТК модулу;

2) ыйгарым укуктуу салык органы тарабынан аныкталган тартипте ЭТТК модулу менен интеграцияланган субъекттин эсепке алуу системасы.

18. ЭТТКны түзүү датасы болуп ЭТТК жиберилгендигин ырастаган дата эсептелет.

Эгерде модулда генерацияланган ЭТТК номери жана QR-код камтылса, ЭТТК түзүлдү деп эсептелет.

ЭТТКнын оригиналы, башкача айтканда түп нускасы болуп ЭТТК модулунда түзүлгөн электрондук документ эсептелет.

19. ЭТТК модулунда субъект тарабынан төмөнкүдөй операциялар жүргүзүлөт:

1) кириштөө;

2) сатуу;

3) экспорттоо;

4) которуштуруу;

5) кайтаруу;

6) эсептен чыгаруу.

20. Идентификациялоо каражаттары менен милдеттүү түрдө маркаланууга тийиш болгон товарлар менен операциялар аткарылган учурда документ товарлардын идентификациялоо коддорун (анын ичинде топтук таңгактарды идентификациялоо коддорун, транспорттук таңгактарды идентификациялоо коддорун) көрсөтүү менен милдеттүү тартипте түзүлөт.



15. Аннулирование регистрации субъекта в модуле ЭТТН осуществляется в случае прекращения деятельности субъекта и/или аннулирования налоговой регистрации до прекращения деятельности субъекта и/или начала процедуры аннулирования налоговой регистрации при условии отсутствия остатка товаров на складе учета товаров.

## Глава 3. Формирование и применение ЭТТН

16. Для формирования и применения ЭТТН субъектом товары должны быть введены в каталог товаров в соответствии с порядком, определенным Кабинетом Министров Кыргызской Республики.

17. Оформление/получение ЭТТН осуществляется посредством:

1) модуля ЭТТН;

2) учетных систем субъекта, интегрированных с модулем ЭТТН, в порядке, определяемом уполномоченным налоговым органом.

18. Датой формирования ЭТТН считается дата подтверждения отправки ЭТТН.

ЭТТН считается сформированной, если содержит сгенерированный в модуле номер ЭТТН и QR-код.

Оригиналом ЭТТН, то есть подлинником, является электронный документ, сформированный в модуле ЭТТН.

19. В модуле ЭТТН субъектом осуществляются следующие операции:

1) оприходование;

2) реализация;

3) экспорт;

4) перемещение;

5) возврат;

6) списание.

20. В случае выполнения операций с товарами, подлежащими обязательной маркировке средствами идентификации, документ в обязательном порядке формируется с указанием кодов идентификации (в том числе кодов идентификации групповых упаковок, кодов идентификации транспортных упаковок) товаров.

21. Субъект обязан оприходовать товары на склад учета товаров в модуле ЭТТН при:

1) импорте товаров, за исключением импорта товаров государственными органами и его структурными подразделениями, если они не предназначены для дальнейшей реализации;

2) производстве, за исключением производства готовой пищи, реализуемой населению для потребления на месте или на вынос;

3) выявлении неучтенных товаров в ходе проведения налогового контроля в порядке, определяемом уполномоченным налоговым органом;

21. Субъект товарларды ЭТТК модулундагы товарларды эсепке алуу кампасына төмөнкү учурларда киришгөөгө милдеттүү:

1) эгерде алар андан ары сатуу үчүн багытталбаса, мамлекеттик органдар жана анын түзүмдүк бөлүмдөрү тарабынан товарларды импорттоону кошпогондо, товарларды импорттоодо;

2) калкка жеринде керектөө же алып кетүү үчүн сатылуучу даяр тамак-ашты өндүрүүнү кошпогондо, өндүрүштө;

3) ыйгарым укуктуу салык органы тарабынан аныкталган тартипте салык контролун жүргүзүүнүн жүрүшүндө эсепке алынбаган товарлар табылганда;

4) контролдук-кассалык чектин негизинде калктан кийин сатуу же кайра иштетүү үчүн айнек идиштерди, утилдештирилүүчү чийки заттарды, металл сыныктарын, өздүк өндүрүштөгү айыл чарба продукциясын жана алардын башка жеке товарларын кабыл алууда (сатып алууда);

5) өзгөчө режимдеги соода зонасындагы ишке салык төлөөчү товарларды өзгөчө режимдеги соода зонасынын аймагынан тышкары сатууну көздөгөндө;

6) ушул Тартиптин 3-пунктунда көрсөтүлгөн операцияларды жүргүзүүдө товарларга менчик укугу өткөн учурларды кошпогондо, күбөлөндүрүүчү документтер болгондо товарларга менчик укугу өткөн башка учурларда.

22. Товарларды ЭТТК модулундагы товарларды эсепке алуу кампасына кириштөө ыйгарым укуктуу салык органы тарабынан белгиленген тартипте жана мөөнөттө жүзөгө ашырылат.

23. Товарларды сатууда ЭТТК субъект тарабынан экономикалык иш объектинен ЭТТК модулунда катталган субъектке товар жөнөтүлгөнгө (өткөрүп бергенге) чейин түзүлөт.

Товарлар ушул Тартиптин 9-пунктунун 2, 3 жана 4-пунктчаларында көрсөтүлгөн субъекттерге сатылган учурда, ЭТТК модулунда көрсөтүлгөн тизмекке ылайык субъекттердин дарегине ЭТТК таризделет.

24. Товарларды экспорттоодо ЭТТК Дүйнө өлкөлөрүнүн мамлекеттер аралык классификаторуна ылайык өлкөнүн аталышын жана кодун көрсөтүү менен экономикалык иш объектинен товар жүктөп жөнөтүлгөнгө (өткөрүп бергенге) чейин түзүлөт.

Эгерде экспортко ЭТТК таризделгенден кийин субъект ЭТТКда көрсөтүлгөн маалыматтар өзгөртүүнү талап кылаарын аныктаса, субъект андан ары жаңы ЭТТКны тариздөө менен ыйгарым укуктуу салык органы аныктаган тартипте жана мөөнөттө таризделген документти кайра кайтарып алууга укуктуу.

25. Кыргыз Республикасынын аймагында товарларды бул товарларга менчик укугунун өтүшүн карабаган бир субъекттин чегинде мындай товарларды бир сактоочу жайдан экинчисине ички которуштурууда, анын ичинен филиалдардын ортосунда



4) приеме (купле) от населения стеклопосуды, утилизируемого сырья, металлолома, сельскохозяйственной продукции собственного производства и иных их личных товаров для последующей продажи или переработки на основании контрольно-кассового чека;

5) намерении реализовать товары налогоплательщиком налога на деятельность в зоне торговли с особым режимом за пределы территории зоны торговли с особым режимом;

6) других случаях перехода права собственности на товары, за исключением случаев перехода права собственности на товары при совершении операций, указанных в пункте 3 настоящего Порядка, при наличии удостоверяющих документов.

22. Оприходование товаров на склад учета товаров в модуле ЭТТН осуществляется в порядке и сроки, установленные уполномоченным налоговым органом.

23. При реализации товаров ЭТТН формируется субъектом до отгрузки (передачи) товара с объекта экономической деятельности субъекту, зарегистрированному в модуле ЭТТН.

В случае реализации товаров субъектам, указанным в подпунктах 2, 3 и 4 пункта 9 настоящего Порядка, ЭТТН оформляется в адрес субъектов согласно перечню, указанному в модуле ЭТТН.

24. При экспорте товаров ЭТТН формируется до отгрузки (передачи) товара с объекта экономической деятельности с указанием наименования и кода страны в соответствии с Межгосударственным классификатором стран мира.

В случае если после оформления ЭТТН на экспорт субъект установил, что указанные в ЭТТН сведения требуют изменения, субъект в праве возвратить оформленный документ в порядке и сроки, определяемые уполномоченным налоговым органом, с дальнейшим оформлением новой ЭТТН.

25. При внутреннем перемещении товаров на территории Кыргызской Республики из одного места хранения такого товара в другое в пределах одного субъекта, не предусматривающем перехода права собственности на эти товары, включая перемещения между филиалами, субъект формирует ЭТТН в модуле ЭТТН с указанием адреса места отправки и пункта назначения.

26. При возврате ранее приобретенных товаров ЭТТН оформляется в модуле ЭТТН покупателем до отгрузки (передачи) обратно в сторону поставщика, за исключением случаев возврата товаров при экспорте, который формируется согласно пункту 24 настоящего Порядка.

27. Списание товаров в модуле ЭТТН осуществляется в следующих случаях:

1) поставка товаров населению;

2) использование приобретенных товаров, в том числе в производстве (изготовлении);

которуштурууда субъект ЭТТК модулунда жөнөтүлгөн жеринин жана дайындалган пунктунун даректерин көрсөтүү менен ЭТТК түзөт.

26. Мурда сатып алынган товарларды кайтарууда ушул Тартиптин 24-пунктуна ылайык түзүлүүчү экспорттоодо товарларды кайтаруу учурларын кошпогондо, ЭТТК сатып алуучу тарабынан ЭТТК модулунда жеткирүүчү тарапка кайра жөнөтүлгөнгө (өткөрүп бергенге) чейин тариздөлөт.

27. ЭТТК модулундагы товарларды эсептен чыгаруу төмөнкү учурларда жүзөгө ашырылат:

1) калкка товарларды жеткирүү;

2) сатып алынган товарларды пайдалануу, анын ичинде өндүрүштө (даярдоодо);

3) товарларды жоготуу жана бузуу;

4) товарлардын табигый азаюусу жана технологиялык жоголуусу;

5) салыктык контролдун жүрүшүндө товарлар ЭТТК модулундагы товарларды эсепке алуу кампасында болуп, бирок алардын иш жүзүндөгү калдыктары жок экендигин аныктоо;

6) товарларды гуманитардык жардам түрүндө өткөрүп берүү;

7) ушул Тартиптин 4-пунктунун 5, 6 11, 13, 14-пунктчаларында көрсөтүлгөн товарларды жеткирүү;

8) ушул Тартиптин 3-пунктунда көрсөтүлгөн жагдайларды кошпогондо, күбөлөндүрүүчү документтер болгон башка учурлар.

Товарларды эсептен чыгаруу ыйгарым укуктуу салык органы тарабынан белгиленген тартипте жана мөөнөттө жүзөгө ашырылат.

28. ЭТТКны алууда сатып алуучу/алуучу:

1) ЭТТКны кабыл алынгандыгын ырастайт;

2) ЭТТКны алуудан баш тартат.

29. ЭТТКны кабыл алуудан баш тартканда, бул ЭТТК четке кагылды деп эсептелет.

Эгерде сатып алуучу/алуучу 10 календардык күндүн ичинде ЭТТКны ырастабаса же четке какпаса, бул ЭТТК ырасталды деп эсептелет.

30. Эгерде жеткирүүчү/жөнөтүүчү ЭТТК жөнөтүлгөн учурдан тартып 10 календардык күн өткөнгө чейин кабыл алынбаган ЭТТКны чакыртып алса, анда бул ЭТТК чакыртып алынды деп эсептелет.

31. Сатып алуучу/алуучу тарабынан ырасталгандан кийин ЭТТКны чакыртып алуу мүмкүн эмес.

32. Ал жеткис күчтүн жагдайлары келип чыккан учурда ЭТТКны тариздөөнүн, колдонуунун жана түзүүнүн тартиби ыйгарым укуктуу салык органы тарабынан аныкталат.".



3) утрата и порча товаров;

4) естественная убыль и технологические потери товаров;

5) выявление в ходе налогового контроля отсутствия фактических остатков товаров при их наличии на складе учета товаров в модуле ЭТТН;

6) передача товаров в виде гуманитарной помощи;

7) поставки товаров, указанные в подпунктах 5, 6, 11, 13, 14 пункта 4 настоящего Порядка;

8) другие случаи при наличии удостоверяющих документов, за исключением обстоятельств, указанных в пункте 3 настоящего Порядка.

Списание товаров осуществляется в порядке и сроки, установленные уполномоченным налоговым органом.

28. При получении ЭТТН покупатель/получатель:

1) подтверждает принятие ЭТТН;

2) отказывает в получении ЭТТН.

29. При отказе в принятии ЭТТН данная ЭТТН считается отклоненной.

В случае если покупатель/получатель не подтвердил или не отклонил ЭТТН в течение 10 календарных дней, данная ЭТТН считается подтвержденной.

30. В случае если поставщик/отправитель до истечения 10 календарных дней с момента отправки ЭТТН отозвал непринятую ЭТТН, данная ЭТТН считается отозванной.

31. Отзыв ЭТТН невозможен после ее подтверждения со стороны покупателя/получателя.

32. Порядок оформления, применения и формирования ЭТТН в случае возникновения обстоятельств непреодолимой силы определяется уполномоченным налоговым органом.».

2-тиркеме

"4-тиркеме

**Кыргыз Республикасынын аймагында товарлардын каталогун колдонуу тартиби**

**1-глава. Жалпы жоболор**

1. Бул Тартип Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 51-беренесине ылайык иштелип чыккан жана Кыргыз Республикасынын аймагында товарлардын каталогун колдонуу тартибин аныктайт.

2. Бул Тартипте төмөнкүдөй түшүнүктөр жана аныктамалар колдонулат:

1) товарлардын каталогу – "Товарлардын каталогу" модулу аркылуу түзүлүүчү, товарлар жөнүндө маалыматтарды камтыган товарлардын тартипке келтирилген тизмеги;

2) "Товарлардын каталогу" модулу – Кыргыз Республикасынын салыктык башкаруу маалыматтык системасынын модулу, ал аркылуу товарлардын каталогу түзүлөт;

3) уникалдуу идентификатор – товарлардын каталогун түзүүдө "Товарлардын каталогу" модулу менен ыйгарылуучу товардын уникалдуу коду.

Ушул Тартипте пайдаланылуучу терминдер жана аныктамалар ушул Тартипте аныкталган мааниде чечмеленет. Ушул Тартипте терминдердин жана аныктамалардын чечмелениши жок болгон учурда, терминдер жана аныктамалар Кыргыз Республикасынын тиешелүү мыйзамдарында жана/же Евразия экономикалык бирлигинин (мындан ары – ЕАЭБ) укугу менен аныкталган мааниде чечмеленет.

3. Кыргыз Республикасынын аймагында товарлардын каталогу төмөнкүдөй учурларда колдонулат:

1) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети аныктаган учурларда коштомо документтерди, эсеп-фактураларды, арыздарды жана салыктык документтерди тариздөөдө;

2) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети аныктаган учурларда контролдук-кассалык машиналарды колдонууда;

3) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети аныктаган башка учурларда.

Приложение 2

«Приложение 4

**Порядок применения каталога товаров на территории Кыргызской Республики**

**Глава 1. Общие положения**

1. Настоящий Порядок разработан в соответствии со статьей 51 Налогового кодекса Кыргызской Республики и определяет порядок применения каталога товаров на территории Кыргызской Республики.

2. В настоящем Порядке применяются следующие понятия и определения:

1) каталог товаров – формируемый посредством модуля «Каталог товаров» упорядоченный перечень товаров, который содержит сведения о товарах;

2) модуль «Каталог товаров» – модуль информационной системы налогового администрирования Кыргызской Республики, посредством которого формируется каталог товаров;

3) уникальный идентификатор – уникальный код товара, присваиваемый модулем «Каталог товаров» при формировании каталога товаров.

Термины и определения, используемые в настоящем Порядке, трактуются в значении, определенном настоящим Порядком. В случае отсутствия трактовки терминов и определений в настоящем Порядке, термины и определения трактуются в значении, определенном соответствующим законодательством Кыргызской Республики и/или правом Евразийского экономического союза (далее – ЕАЭС).

3. На территории Кыргызской Республики каталог товаров применяется при:

1) оформлении сопроводительных документов, счета-фактуры, заявлений и налоговых документов в случаях, определяемых Кабинетом Министров Кыргызской Республики;

2) применении контрольно-кассовых машин в случаях, определяемых Кабинетом Министров Кыргызской Республики;

3) других случаях, определяемых Кабинетом Министров Кыргызской Республики.

## 2-глава. Товарлардын каталогун түзүү жана жүргүзүү

4. Товарлардын каталогу "Товарлардын каталогу" модулу аркылуу төмөнкүлөр берген маалыматтардын негизинде түзүлөт:

1) импорттоочу;

2) өндүрүүчү же даярдоочу;

3) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталуучу башка субъекттер.

5. Ушул Тартиптин 4-пунктунда көрсөтүлгөн субъекттер товарларды товарлардын каталогуна киргизүү үчүн ыйгарым укуктуу салык органына товар жөнүндө төмөнкү маалыматтарды берет:

1) ТЭИ ТН коду;

2) аталышы;

3) ыйгарым укуктуу салык органы тарабынан аныкталган, товарлардын каталогун түзүү үчүн зарыл болгон кошумча маалымат.

6. Ушул Тартиптин 4-пунктунда көрсөтүлгөн субъекттер берген маалыматтар товарларды товарлардын каталогуна киргизүү талаптарына, белгиленген эрежелерине ылайык келген учурда ыйгарым укуктуу салык органы товарга уникалдуу идентификатор ыйгарат жана аны товарлардын каталогуна киргизет.

7. Товарларды товарлардын каталогуна киргизүү эрежелери жана товарлардын каталогунун түзүмү ыйгарым укуктуу салык органы тарабынан аныкталат.

## 3-глава. "Товарлардын каталогу" модулундагы товарларды өчүрүү

8. Товарлардын каталогундагы товарлар төмөнкү учурларда өчүрүлүүгө тийиш:

1) товарлар жүгүртүүдөн чыгарылганда;

2) товарлардын каталогундагы товарлар кайталанганда;

3) товар жөнүндө маалыматтар өзгөргөндө.

9. Товарларды өчүрүү ыйгарым укуктуу салык органы тарабынан төмөнкүлөрдүн негизинде жүзөгө ашырылат:

1) өндүрүүчүнүн, даярдоочунун же импорттоочунун кайрылуусунун;

2) ушул Тартиптин 8-пунктунда көрсөтүлгөн учурлар пайда болгондо ыйгарым укуктуу салык органынын чечиминин.".

## Глава 2. Формирование и ведение каталога товаров

4. Каталог товаров формируется на основании данных, представленных посредством модуля «Каталог товаров»:

1) импортером;

2) производителем или изготовителем;

3) другими субъектами, определяемыми Кабинетом Министров Кыргызской Республики.

5. Субъекты, указанные в пункте 4 настоящего Порядка, представляют в уполномоченный налоговый орган для занесения товаров в каталог товаров следующие данные о товаре:

1) код ТН ВЭД;

2) наименование;

3) дополнительная информация, определенная уполномоченным налоговым органом, необходимая для формирования каталога товаров.

6. В случае соответствия представленных субъектами данных, указанных в пункте 4 настоящего Порядка, требованиям, установленным правилами введения товаров в каталог товаров, уполномоченный налоговый орган присваивает товару уникальный идентификатор и заносит его в каталог товаров.

7. Правила введения товаров в каталог товаров и структура каталога товаров определяются уполномоченным налоговым органом.

## Глава 3. Деактивация товаров в модуле «Каталог товаров»

8. Товары в каталоге товаров подлежат деактивации в следующих случаях:

1) вывод из оборота товаров;

2) дублирование товаров в каталоге товаров;

3) изменение сведений о товаре.

9. Деактивация товаров осуществляется уполномоченным налоговым органом на основании:

1) обращения производителя, изготовителя или импортера;

2) решения уполномоченного налогового органа при возникновении случаев, указанных в пункте 8 настоящего Порядка.».